# “TİKA” (ТҮРК КЫЗМАТТАШТЫГЫ ЖАНА КООРДИНАЦИЯ АГЕНТТИГИ) ЖАНА КЫРГЫЗ-ТҮРК АЛАКАЛАРЫ

**АГГЮН КАДРИ**
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун изденүүчүсү*

**УДК. 94(575.2); 956.0/.6**

1991-жылдын 25-декабрында Советтик Социалисттик Республикалардын Союзу (СССР) жоюлуп, Орто Азия жана Кавказда бир топ мамлекет эгемендүүлүгүнө жетишкен. Түркия ошол учурда эгемендүүлүгүнө жеткен түрк тилдүү республикалардын көз карандысыздыгын тааныган биринчи өлкө болгон. Казакстан, Тажикстан, Өзбекстан, Азербайжан жана Кыргызстан мамлекеттеринен түзүлгөн бул топ менен Түркиянын жалпы тилге, ой-жүгүртүүгө жана маданиятка ээ болгондугу, эки тараптуу жана аймактык мамилелердин күчөшүнө пайдубал болуп берген. Түркия жана Орто Азия мамлекеттери бир улуттун, бир элдин ар башка мамлекеттери сыяктуу мамиле жасашты. Түркиянын тышкы саясаты бул аймакта көп тараптуу жана активдүү позицияны көрсөткөн. Түрк тилдүү өлкөлөр менен мамилелерди түзүү Түркиянын көөнөрбөс концепциясына айланды жана бул концепция анын дүйнөлүк саясатында акыркы 20 жыл ичинде маанилүү орунга ээ болду.

Түркия Республикасынын 90-жылдарда Орто Азия боюнча биринчи приоритети болуп, жаш түрк тилдүү мамлекеттердин эл аралык коомчулук тарабынан кабыл алынышы эсептелген. Кийинчерээк Орто Азияда жаңы түзүлгөн өлкөлөрдө жашаган Түркиянын элдештери үчүн социалдык, экономикалык жана маданий тармакта көптөгөн иштер аткарылды. Эң алгач көрсөтүлгөн жардамдар убакыттын өтүшү менен узак мөөнөттүү долбоорлорго, өнүгүүгө багытталган борбордоштурулган кызматташуу иш-чараларына айланышкан. Аймакта аткара турган иш-чараларды жана тышкы саясий приоритеттерди ишке ашыра турган, координациялай турган бир уюмга муктаждык пайда болгон жана бул боюнча Түрк кызматташтыгы жана координация агенттигинин башкармалыгы (TİKA) 1992-жылы түзүлгөн. Түркиянын тышкы саясатында активдүү саясат түшүнүгүнүн орун алышы менен, TİKA биринчи кезекте орток баалуулуктарга ээлик кылган өлкөлөр менен, бир топ региондо жана өлкөдө Түркиянын тышкы саясатын жүргүзүүчү курал абалына келген.

TİKA'нын ошол жылдардагы максаттары катары – түрк тилдүү республикалардын өздөрүнүн социалдык түзүлүшүн, өздөрүнүн улуттук идентүүлүгүн бекем түрдө курушу, маданий жана саясий укуктардын өнүктүрүлүшү, техникалык инфраструктура боюнча кемчиликтерди жоюу маселелери коюлган деп айта алабыз. Билим берүү, саламаттыктык сактоо, калыбына келтирүү, айыл-чарбалык өнүгүү, финанылык, туризм, өндүрүш тармактарында бир топ долбоор жана иш-чаралар TİKA тарабынан жүзөгө ашырылган. TİKA'нын Программалык координация кеңселеринин биринчиси Түркмөнстанда ачылган, кийинчерээк Евразия аймгаында жайгашкан кеңселердин саны 6 га чыккан. Түркия достук, туугандык жана кызматташтык менен жүрөгүнөн бирдей сезимдер чыккан өлкөлөргө да өзүн арнаган.

Өсүп, өнүгүп жаткан, ата-бабаларыбыздын жерлеринде аткарылган иш-чаралардын сапаты убакыттын өтүшү менен өзгөргөн. 1995-жылга чейин бир тууган өлкөлөрдө экономикалык,социалдык жана маданий иш-чараларды жүргүзгөн TİKA ошол күндөн тартып билим берүү жана маданий кызматташтык иш-чараларына басым жасаган. Белгилүү болгондой, иштин илгери жүрүшү квалификациялуу, билимдүү жарандардын болушуна көз каранды. Каалаган өлкөдө жакшы билим берүү системасына ээ болсо, эли илим жана технология менен жакшы тааныш болсо, ошол жерде өнүгүү болору тууралуу кеп кылса болот. Ошондуктан TİKA 1995-жылдан баштап ата-бабалардын жерлеринде билим берүү иш-чараларын тездеткен, мектептер, китепканалар, лабораториялар курулган. Университеттерге техникалык жабдуулар менен жардам көрсөтүлгөн.

Дүйнөдө 2000-жылдарда башталган ааламдашуу (глобализация) процесси жана ааламдашуунун таасири чыгыштан батышка чейин көптөгөн жерлерде сезилген. Бул мезгилде, теги бир өлкөлөрдүн өнүгүүсүндөгү жетишкен ылдамдыкка параллелдүү түрдө TİKA'нын аймакта жүргүзгөн долбоорлору, уюмдук өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу долбоорлоруна айланган. TİKA орток тарыхый мураска ээлик кылууга сыймыктанып, ата-бабалардын жерлери үчүн жасаган долбоорлорунун ишинин жүрүшү улануууда. Түркия Республикасы дүйнөдө жана аймакта маанилүү ролдорду ойноого кылган аракетинин бир уландысы катары, 2000-жылдардан баштап тышкы саясат түшүнүгү чоң өзгөрүүлөргө дуушар болгондугун айтса болот. Бул өзгөрүүнүн негизинде TİKA иш-чараларын жүргүзгөн географиясын кеңейткен, 2002-жылы Программалык координация кеңселердин саны 12ден 25ке, 2012-жылы 33кө жогорулаган. Бүгүнкү күндө Түрк кызматташтыгы жана координация боюнча кеңсе

башкармалыгы 30 өнөктөш өлкөдө 33 Программалык координация кеңсеси менен иш жүргүзүп келе жатат. Түркия TİKA аркылуу дос, жакын жана бир тууган өлкөлөргө карата жасаган иш-чаралардын негизинде тынчтыкка умтулган, ынтымактуу муунду өстүрүү аракетинде.

TİKA мамлекеттик мекеме жана түзүлүштөр, университеттер, коомдук уюмдар жана жеке сектор арасында кызматташтыкты жүргүзүү механизми сыяктуу милдетти аткарып жатат. Бул иштеги бардык кызыктарларды бир арада топтоп, Түркиянын өнүгүү үчүн берген жардамын каттоодон өткөрүүдө. Билим берүү коомдук жашоодо баалуулугу билингендигинен бери XX кылымда билим берүү кызматтары боюнча дүйнөдө бир өзгөрүүлөр пайда болгон. Бул өзгөрүү XX кылымдын ортолорунда башталган жана акыркы чейрегинде күчөгөн реформалар менен чоңойгон. Социалдык, саясий, экономикалык жана маданий тармактарда болгондой эле билим берүү тармагында да өнүгүүнү жана өзгөрүүнү милдеттүү кылган. Билим берүү тармагында болуп өткөн бул жаңылануу же реформа аракеттери биринчи караганда универсалдык көрүнүштү көргөзүүдө. Өлкөлөр билим берүү системаларын жарым-жартылай жана толугу менен жаңылоо аракетинде болушкан. Билим берүү кызматтары инсандан коомго уланган бир процесс болгондугу менен анын социалдык өнүгүүнүн фокусуна айланышына өбөлгө болгон. Иш-чаралар мындайча аябай ылдамданган. Сапаттуу адам ресурстарынын өстүрүлүшү үчүн билим берүү мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейтилиши дүйнөнүн бардык тараптарында өзгөчө көңүл бурулган темага айланган.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө билим берүү тармагында инновация жүргүзүү жана дүйнөлүк стандарттарды орнотуу максаты менен иш-чаралар башталган. Бул инновациялар системалык реформаларды, мекемелерде модернизациялануу аракетин, билим жана тарбия берүү учурунда колдонулган каражаттардын технологиялык өнүгүүлөргө параллелдүү деңгээлде болушун, окутуучулардын кесиптик билими жана квалификациялык даражаларынын жогорулатылышын, мектептик башкарууда жасала турган өзгөрүүлөр менен окутуу жана үйрөнүү процессинин өнүктүрүлүшүн камтыйт. Булардын бардыгынан тышкары жалпы алгачкы билимге жетүү, билим берүү саясатынын жана иштетилген стратегиялардын негизин түзүүдө. Билим берүү системасынын өнүктүрүлүшү; жетиштүү мектептик инфраструктура жана жабдууларга ээлик кылуу; окутуучу-окуучу катышынын теңделиши; жетиштүү санда китеп, ар түрдүү окуу каражаттары жана материалдарга ээ болуу, өнүгүп келе жаткан приоритеттүү муктаждыктары арасында орун алганына карабастан туура саясат жүргүзүлбөгөндүгүнөн улам убактылуу иш-чаралардын жардамы менен маселени чечүү аракеттери көрүлүүдө, бул абал болсо узак мөөнөттө жаңы проблемаларга жол ачып жатат. Өнүгүүнүн ар түрдүү баскычтарында турган өлкөлөрдүн билим берүүсүндө бирдей стандарттарды кармоосу бир гана кызматташууга негизделген өнүктүрүү жардамдарынын көрсөтүлүшү менен гана мүмкүн боло алат.

## ТҮРКОЛОГИЯ ДОЛБООРУ

TİKA беш материкте, өнүгүүсү ар кандай деңгээлде болгон өлкөлөрдүн өнүгүү максаттарын жана муктаждыктарын эске алып, кызматташтыкка негизделген өнүктүрүү жардамдары менен билим берүү тармагында социалдык, маданий кызматташтык жана жардам берүү темаларын көтөрүп чыгууда, бул максаттын багытында керектүү долбоор жана программаларды даярдоодо.

Түркология долбоору 1999-жылы TİKA тарабынан ишке киргизилген. 2000-2001 окуу жылынан баштап ишке киргизилген бул долбоор түрк тилинин жана маданиятынын жайылышын максат кылган узак мөөнөттүү бир иш-чара болуп саналат.

Азыркы учурда түркологиялык изилдөөлөрдүн мааниси өтө зор. Дүйнөнүн ар кайсы университеттеринде бул темага байланыштуу борборлор курулууда, жергиликтүү жана чет элдик изилдөөчүлөр өздөрүнүн илимий иштерин жүргүзүп жатышат.

Түркология долбоору коңшу дос жана бир тууган коомчулуктар менен өткөн мезгилден бери келе жаткан маданий байланыштарыбыздын кайрадан түзүлүшүн, түрк тилинин жайылышын, баарлашуунун өнүктүрүлүшүн, бул аркылуу өлкөлөрдө жүргүзүлө турган билим берүү, маданий, техникалык, соодалык жана экономикалык кызматташтыктарда түркчө сүйлөшө алган потенциалдуу

массанын түзүлүшүнүн максаттоодо.

Түркология долбооруна кошулган структуралык бирдиктерде китепкана, аудитория жана тил лабораториялары курулууда. Окуу куралдары, компьютер, интернет, телекөрсөтүү жана жандоочтук (спутникалык) антенналар, VCD-DVD колдоосу, видеоплейер, проектор сыяктуу бир топ техникалык каражаттар менен колдоо көрсөтүлүүдө.

Түркология долбоорунун өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу максаты менен – түрк тилин үйрөнгөн студенттер үчүн Түркияда илимий изилдөө шарттарынын түзүлүшү, Түркология долбоору ишке ашырылган өлкөлөрдө, аймактын өзгөчөлүгүнө жараша жергиликтүү калк үчүн жумуш орундарын жаратуу, карьера кыла албаган студенттерге кошумча курстарды уюштуруп, түрк тилинин окутулушуна колдоо көрсөтүү, түрк тилин үйрөтүү борборлорунда стаж өтүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылууда. Долбоор ишке ашырылган университеттерде студенттердин түрк тилин үйрөнүшүн колдоо үчүн конкурстар уюштурулууда жана ийгиликтүү студенттерге сыйлыктар берилүүдө. Жыл өткөн сайын иш-чаралардын тармагы кеңейип келген Түркология долбоору 22 өлкөдө жана 2 автономиялык республикада ишин жүргүзүп келип жатат.

Түркология долбоору жүргүзүлгөн өлкөлөр: Афганистан, Албания, Беларусь, Босния-Герцогвиня, Эстония, Палестина, Индия, Казакстан, Кыргызстан, Косово, Латвия, Литва, Монголия, Македония, Өзбекстан, Словакия, Сирия, Россия Федерациясы (Татарстан Автономиялык Республикасы), Түркмөнстан, Украина, Украиналык Крым Автономиялык Республикасы жана Йемен. Долбоордун алкагында жогоруда аталып өткөн өлкөлөрдө жайгашкан 32 университет менен кызматташтык жүргүзүлүп, жалпысынан 12 Түрк тили жана адабияты бөлүмү, түрк тилинин үйрөнүлүшү үчүн 18 түрк тили жана маданияты борбору ачылган. Сүйлөгөн кишилердин саны жагынан баа бербей коюу мүмкүн болбогон түрк тилинин жалпы баарлашуу тили болушу жолунда маанилүү милдетти мойнуна алган Түркология долбоору, жыл сайын саны өсүп жаткан студенттердин саны менен тийиштүү өлкөлөрдүн макулдугуна жетишкен. Түркология долбоору аркылуу кызматташтыкта болгон бөлүмдөрдө/борборлордо жыл сайын 3500 жакын киши Түрк тили жана TİKA башкармалыгы, курулуш жылы болгон 1992-жылдан бери Кыргыз Республикасында иш-чараларын жүргүзө баштаган жана убакыттын өтүшү менен ондогон экономикалык, соодалык, техникалык, билим берүү, социалдык жана маданий кызматташуу программаларды жана долбоорлорду жүзөгө ашырды. Регионалдык долбоорлор, ар түрдүү конференциялар, семинарлар, чогулуш жана симпозиумдар менен таанытуу иш-чараларына Кыргызстандын да катышуусу камсыз кылынган. Кыргызстан TİKA иш-чаралары жагынан Евразия өлкөлөрүнүн арасында алдыңкы катарда турат. TİKA’нын Кыргызстанда билим берүүгө тийиштүү иш-чаралары негизинен экономикалык мүнөздө болуп жатат. Бул иш-чаралар эки өлкөнүн мамилелерине салымдарын гана кошууда. TİKA’нын кыйыр жолдор менен билим берүүгө жумшаган материалдык салымдын суммасы иш-чаралардын аткарылышы башталгандан бери миллиондогон АКШ долларларын түзөт. TİKA’нын Кыргызстанда 1992-2001-жылдары арасында ишке ашырган экономикалык, соодалык, билим берүү, социалдык жана маданий кызматташтыгынын долбоорлору жана иш-чаралары үчүн жумшалган каражаттардын суммасы миллиондогон АКШ долларларын түзөт.Бул алкакта TİKA ишин жүргүзгөн аймактын ичинде коңшу, дос жана бир tууган коомчулуктарды камтыган кең региондо долбоордун ичиндеги өлкөлөрдө престиждүү университеттерде кызматташтык жүргүзүлүп; Түркология, Түрк тили жана адабияты бөлүмдөрү, түрк тилин үйрөтүү борборлору ачылып жатат. Өнөктөш өлкөлөрдөгү университеттерге Түркиянын академиялык кызматкерлери жөнөтүлүп жатат, жергиликтүү академиялык кызматкерлерге колдоо көрсөтүлүүдө жана ачылган бөлүмдөргө материалдык-техникалык колдоо көрсөтүлүүдө.

**Колдонулган адабияттар**


1. Фахри Солак, “Кыргызстан боюнча түрк тилиндеги библиография” (“Kırgızistan İle İlgili Türkçe Bibliyografya) (1928-2003) (дипломдук иштер-китептер-макалалар)”,

2.http://www.kitapyurdu.com

3. http://www.educaedu-turkiye.com

4.http://www.dergiler.ankara.edu.tr/dergiler

5.http://www.belgeler.com

6.http://www.turkishstudies.net

7.http://www.tika.gov.tr

8.http://www.turkbirlik.gen.tr

9.http://www.haberler.com

10.http://www.ahiskapress.com

**Колдонулган булактар**

1. Adil, Hikmet Bey, Asya'da Beş Türk, (İstanbul: Ötüken Yayınları, 1998),
2. Saray, Mehmet, Modern Kırgızistan'ın Doğuşu, (Ankara: TİKA Yayınları,2004)
3.Gömeç, Saadettin, Tarihte ve Günümüzde Kırgız Türkleri, (Ankara:Akçağ Yay., 2002),
4. Barthold, Vilhelm, Kırgızlar, Çev. Ufuk Deniz Aşçı, Türk Dünyası Tarihi
Serisi 3, (Konya: Kömen Yay., 2002)
5. Fahri Solak, "Kırgızistan İle İlgili Türkçe Bibliyografya (1928-2003) (Tezler-Kitaplar-Makaleler)",
6. KTMÜ Sosyal Bilimler Enstitüsü Dergisi, Bişkek, Sayı: 9, 2004, ss. 67-115.
7. www.usak.org.tr/dosyalar 15.10.2012 20:00
8. www.manas.kg/sbe/tezler/tarih/
9. www.dergiler.ankara.edu.tr/dergiler
10. www.belgeler.com
11. www.turkishstudies.net
12. İsakov A. Kırgızlar ve Kırgızistanla ilgili Türkiye'de yayımlanmış Bilimsel Yayımlar. (1910- 2009) 2010 y.